КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
БОЛОТ МАМБЕТОВ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АИЛЬНОГО АЙМАКА
БОЛОТА МАМБЕТОВА

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 27-августу № 33**

**Төрт-Күл айылы**

**Эшперов айылындагы М.Дөгдүров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин эски имаратын бузууга макулдук берүү жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерине ылайык, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө мыйзамынын 19-беренесине ылайык Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Болот Мамбетов айыл аймагынын Эшперов айылынын М.Дөгдүров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин эски имаратын бузууга макулдук берилсин.
2. Эшперов айылынын М.Дөгдүров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин эски имараты жараксыз болуп бузуу алдында тургандыктан, эски курулуш материалдарын сатуу үчүн аукционго коюуга уруксаат берилсин.
3. Аукционго коюлуп сатылгандан кийинки түшкөн акча каражаты М.Дөгдүров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин өзүндө калтырылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.
5. Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Жергиликтүү кеңештин төрагасы** **М.Ж.Жунушалиев**